КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКОНОМИКА ЖАНА КОММЕРЦИЯ МИНИСТРЛИГИНЕ КАРАШТУУ ФИНАНСЫ РЫНОГУН ЖӨНГӨ САЛУУ ЖАНА КӨЗӨМӨЛДӨӨ КЫЗМАТЫ

СЛУЖБА РЕГУЛИРОВАНИЯ И НАДЗОРА ЗА ФИНАНСОВЫМ РЫНКОМ ПРИ МИНИСТЕРСТВЕ ЭКОНОМИКИ И КОММЕРЦИИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

Б У Й Р У К
П Р И К А З

01.12.2025г № 658-п

Бишкек ш.
г. Бишкек

**Виртуалдык активдер рыногунун катышуучулары үчүн пайыздык скорингди бекитүү жөнүндө**

"Виртуалдык активдер жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 16-сентябрындагы № 514 "Виртуалдык активдердин жүгүртүлүшүндө келип чыгуучу мамилелерди жөнгө салуу маселелери жөнүндө" токтомун, террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдардын талаптарын аткаруу максатында, ошондой эле виртуалдык активдер рыногунун катышуучуларынын тобокелдиктеринин пайыздык скорингин аныктоо максатында, **буйрук кылам**:

1. Кыргыз Республикасынын виртуалдык активдер рыногунун катышуучулары үчүн "Тобокелдик – скоринг – моделин" ушул буйрукка карата 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. "Тобокелдик – скоринг – модели" тобокелдиктерди баалоонун милдеттүү куралы болуп саналат жана виртуалдык активдер кызмат көрсөтүүчүлөрүнүн (мындан ары – ВАКК) ишин мониторингдөө, көзөмөлдөө жана контролдоо жүргүзүүдө милдеттүү түрдө колдонулууга тийиш деп белгиленсин.

3. Көзөмөл чаралары белгиленген тобокелдик деңгээлине ылайык аныкталат: төмөн деңгээлде стандарттык мониторинг колдонулат, орточо деңгээлде – күчөтүлгөн контроль жана документтерди талап кылуу, жогорку деңгээлде – кол менен текшерүүлөрдү жүргүзүү жана операцияларга чектөөлөрдү киргизүү, критикалык деңгээлде – операцияларды бөгөттөө, шектүү операциялар жөнүндө билдирүүлөрдү жөнөтүү жана мониторинг жүргүзүү.

4. ВАКК жогорку же критикалык тобокелдик деңгээлине жеткен учурда Виртуалдык активдер рыногун көзөмөлдөө, контролдоо жана мониторинг жасоо бөлүмү, ошондой эле виртуалдык активдердин майнерлеринин жана эмитенттеринин кызмат көрсөтүүлөрүн көзөмөлдөө, мониторинг жүргүзүү

жана контролдоо сектору ВАКК ишине жана операцияларына тереңдетилген текшерүү жүргүзүүгө, транзакцияларды жасоонун тиешелүү режимин колдонуу боюнча сунуштарды киргизүүгө зарыл, болгон документтерди талап кылууга жана алууга, мониторингди күчөтүүгө, ошондой эле KYC/KYT жол-жоболорун айланып өтүү мүмкүнчүлүгүн текшерүүгө милдеттүү.

5. Уюштуруу жана кадрдык иштер бөлүмү бул буйрук менен виртуалдык активдер рыногун көзөмөлдөө, контролдоо жана мониторинг жасоо бөлүмү, виртуалдык активдердин майнерлеринин жана эмитенттеринин кызмат көрсөтүүлөрүн көзөмөлдөө, мониторинг жүргүзүү жана контролдоо сектору жана баалуу кагаздар жана виртуалдык активдер рынокторун жөнгө салуу бөлүмү менен тааныштырсын..

6. Виртуалдык активдер рыногун көзөмөлдөө, контролдоо жана мониторинг жасоо бөлүмү, ошондой эле виртуалдык активдердин майнерлеринин жана эмитенттеринин кызмат көрсөтүүлөрүн көзөмөлдөө, мониторинг жүргүзүү жана контролдоо сектору бул буйрукту аткарууга алсын.

7. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Финкөзөмөлдүн төрагасынын орун басары А.Дж. Мурзатаевага жүктөлсүн.

**Об утверждении процентного скоринга для участников рынка виртуальных активов**

Во исполнение требований Закона Кыргызской Республики «О виртуальных активах», постановления Кабинета Министров Кыргызской Республики от 16 сентября 2022 года № 514 «О вопросах регулирования отношений, возникающих при обороте виртуальных активов», а также законодательства Кыргызской Республики в сфере противодействия финансированию преступной деятельности и легализации преступных доходов (ПФТД/ЛПД), а также в целях определения процентного скоринга риска участников рынка виртуальных активов, **приказываю:**

1. Утвердить «Риск – скоринг – модель» для участников рынка виртуальных активов Кыргызской Республики согласно Приложению 1 к настоящему приказу.

2. Установить, что «Риск – скоринг – модель» является обязательным инструментом оценки рисков и подлежит обязательному применнению при осуществлении мониторинга, надзора и контроля за деятельностью поставщиков услуг виртуальных активов (далее – ПУВА).

3. Надзорные меры определяются в соответствии с установленным уровнем риска: при низком уровне применяется стандартный мониторинг, при среднем — усиленный контроль и истребование документов, при высоком — проведение ручных проверок и введение ограничений операций, при критическом — блокирование операций, направление сообщений о подозрительных операциях и осуществление мониторинга.

4. В случае достижения ПУВА высокого или критического уровня риска отдел надзора, мониторинга и контроля за деятельностью поставщиков услуг

виртуальных активов, а также сектор надзора, мониторинга и контроля за деятельностью майнеров и эмитентов виртуальных активов обязаны провести углубленную проверку деятельности и операций ПУВА, внести предложения по применению соответствующего режима совершения транзакций, истребовать и получить необходимые документы, усилить мониторинг, а также проверить возможный обход процедур KYC/KYT.

5. Отделу организационной и кадровой работы ознакомить с настоящим приказом отдел надзора, мониторинга и контроля за деятельностью поставщиков услуг виртуальных активов, сектор надзора, мониторинга и контроля за деятельностью майнеров и эмитентов виртуальных активов и отдел регулирования рынка ценных бумаг и виртуальных активов.

6. Отделу надзора, мониторинга и контроля за деятельностью поставщиков услуг виртуальных активов и сектору надзора, мониторинга и контроля за деятельностью майнеров и эмитентов виртуальных активов принять к исполнению данный приказ.

7. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя председателя Финнадзора А.Дж. Мурзатаеву.

---

**Төрага** **М.Т. Пирназаров**

ЖАЛПЫ БӨЛҮМ
ОБЩИЙ ОТДЕЛ